КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛОО
28-АПРЕЛЬ 2024

# №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлер



## Ажиматов Сталбек Асанович №1

**Туулган жылы:** 12.11.1985-ж.
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
«Евразия Строй групп, директору»

*ЖАРКЫН КЕЛЕЧЕК ЖАРАТМАН ЖАШТАРДЫН КОЛУНДА!*

**КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:**

Аймактагы жашоочуларга ыңгайлуу шарт түзүү. Жаратылыш газы менен камсыздоо. Айылдагы үйлөргө жаратылыш газын жеткирүү. Электр энергиясы тартыш болуп турган маалда жаратылыш газы альтернативалык булак болуп саналат. Газ түтүкчөлөрүн тартып, ар бир үйгө газ жеткирүү негизги маселе болуп турат. Аймактагы жаштарды колдоо аларга жумуш ордун түзүү, багыт берип, ар тараптуу көмөктөшүү менен болот. Бул үчүн чакан бизнестерди ачууга инвесторлорду, долбоорлорду тартуу керек. Бул жол менен миграциянын агымын да азайтууга болот. Андан тышкары спорттук залдарды, футбол талааларын салып, алардын дени сак болушуна салым кошуу маанилүү. Кыргызстанды улуу мамлекетке айландыра турган идеология ойлоп табуу зарыл. Уйкунун доору бүттү, ойгонуу керек!
Ынтымак, бир муштумга түйүлгөн Кыргызстанды куруу! Регионалдык, этностор жана диндер аралык бөлүнүүчүлүккө, араздашууга жол койбоо, алдын алуу чараларын көрүү. "Кыргызстан жараны" түшүнүгүн жайылтуу. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн, өлкөнүн улуттук коопсуздугун сактоо жана чыңдоо; Мамлекеттик чек аралардын коопсуздугун камсыз кылуу. Кошуна өлкөлөр менен чек араларды аныктоо ишин бүтүрүү. Армияны белгилүү бир деңгээлге чейин адистештирүү, аймактык коргонуу күчтөрүн бекемдөө, аскер кызматчыларын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн турак-жай көйгөйүн чечүү.
Кыргызстандын тышкы саясатындагы приоритет - чет өлкөлөрдө миллиондоп жүргөн эмгек мигранттарынын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо болууга тийиш;
Мектептердеги билим берүүнүн мазмунун замандын талабына ылайык жана келечекте дүйнөнүн өнүгүүсүн эске алуу менен окуу планына өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу курстарын уюштуруудагы формалдуулуктарды жоюу керек. Кара-Суу районунда калк жыш жайгашкандыктан сан жагынан өтө көп болгондуктан турак үйлөрду куруу зарыл. Мамлекеттик ипотекалык турак жай программасын тартуу керек.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Кара-Суу району, Кара-Суу ш., Нариман көч. 45а,
Тел: 0708 55 90 97



## Бакир Бакытбек №2

**Туулган жылы:** 12.11.1961-ж.
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
пенсионер

*ӨЗГӨРҮҮГӨ УБАКЫТ КЕЛДИ, АДАШПА!*

**КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:**

1. Ички саясат боюнча: Элдин турмуш- денгелин көтөрө турган мыйзамдарды алуу.
2. Облустук акимиаттарды жоюу. (Губернатор институну).
3. Райондорду, айыл өкмөттөрдү ирилештирүү.
4. Шайлоо боюнча мыйзамына жаңы саясатчыларга бут тосууга жол койгон мыйзамдарды оңдоо.
5. Менчиктештирүү натыйжаларын кайра карап чыгуу.
6. Мамлекет кызматкери мыйзамына өзгөртүү киргизүү.
7. Айыл аймактардын ФПС жерлерин инвентаризация жасоо.
8. Айылда таза суу проблемасын чечүү.
9. Облуста минералдык жер семирткич заводун куруу.
10. Жеңилдетилген түрдө дыйкандар жана дыйкан чарбаларга түз(колдон колго) кредит берүү.
11. Кара-Суу шаарында социалдык инфраструктураны б.а. канализация, суу түтүгү маселелерин чечүү.
12. Инвестиция, тендерлер аркылуу жаңы жумуш орундарын көбөйтүү.
13. Медицина, милиция, мугалимдердин эмгек акын көбөйтүү (жана анын булактары).
14. Жалпы Кыргызстанда кошумча орус, англис, тилинде окутууну сабактарын мектептерде күчөтүү.
15. Өкмөт тарабынан жаңы бала бакчаларды ачуу.
16. Чет мамлекеттерге ишке кеткен жарандардын жашы жетелек балдарын тизмеге алып мониторинг көзөмөлдөө.

Тышкы саясат боюнча:

17. Кошуна мамлекеттер менен болгон мамилени жакшыртуу.
18. Эл аралык соода сатык жүргүзгөн жеке ишкерлерге көмөктөшүү.
19. Депутаттык отчет берүүгө 6- айда бир, жергиликтүү телеканалдарда акысыз 45мин убакыт берилсин.
20. Кытай- Кыргызстан- Узбекистан темир жолун курулушун колдоп ички темир жолдорубуздун ишин жандандыруу.
21. Суу сактагычтар жана мини ГЭСтер боюнча.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Кара-Суу району, Савай айыл өкмөтү участок Октябрь, Мамат көч.
Тел.: 0555 30 14 65



## Эргешов Толкун Турдукулович №3

**Туулган жылы:** 01.09.1970-ж.
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
КР Юстиция Министрлигине караштуу Юридикалык жардам кызматынын Ош, Баткен жана Жалал-Абад облустары боюнча региондор аралык башкармалыгынын начальниги (убактылуу токтотулду)

*МЫЙЗАМДУЛУК ЖАНА ТАРТИП ӨЛКӨБҮЗДҮН ӨНҮГҮҮСҮНҮН НЕГИЗИ!*

**КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:**

**ИШ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ ЖАНА ИШКЕ ОРНОШТУРУУ**
Максаты: жаштарды иш менен камсыз кылуу. Милдеттер: эмгек рыногунда жаштарды ишке орноштурууну жөнгө салуунун көрүнүктүү рычагын түзүү (социалдык колдоо чаралары).
**БАКТЫЛУУ ЖАШ ҮЙ-БҮЛӨ**
Максаты: иштеген жаш үй-бүлөлөрдү арзан турак жай менен камсыз кылуу, ажырашуулардын санын азайтуу.
**СЕРГЕК ЖАШОО ОБРАЗЫ**
Максаты: сергек жашоого үндөө, спорттук иш-чараларды уюштуруу. Милдеттер: ден соолукту чыңдоо, жаштар арасында баңги заттарды, алкоголду жана тамеки колдонуунун алдын алуу; эс алуу жайларын жана массалык маданий иш-чараларды уюштуруу. Ички туризмди өнүктүрүү.
**МЫЙЗАМДУУЛУКТУ САКТОО, ЖАРАНДАРДЫН УКУКТАРЫН ЖАНА ЭРКИНДИКТЕРИН КАМСЫЗ КЫЛУУ**
Максаты: республиканын жарандарынын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу.
**КАЛКТЫ СОЦИАЛДЫК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ**
Мамлекет тарабынан ишке ашырылып жаткан социалдык колдоонун чаралары жана программалары жөнүндө жарандардын маалымдуулугун жогорулатуу.
**ИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА КАЛКТЫ ИШ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ**
Жогорку окуу жайларында кийин кепилденген ишке орноштуруу менен айрым адистиктер боюнча студенттерди даярдоонун мамлекеттик заказ принцибин киргизүү (анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү студенттер).
**РУХАНИЙ ТАРБИЯ ЖАНА МАДАНИЙ БААЛУУЛУКТАР**
Балдар искусство мектептерине ар тараптуу колдоо көрсөтүү. Атайын программалар аркылуу мектеп окуучуларынын, жаштардын, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн, пенсионерлердин маданий мурастарга жетүүсүн камсыз кылуу. Атайын инклюзивдик маданий программалар аркылуу ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга коомдун толеранттуу мамилесин жайылтуу.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Кара-Суу району, Кара-Суу ш., Нариман көч. 27,
Тел.: 0555 225 832



## Курбанов Раимжан Рахманович №4

**Туулган жылы:** 08.08.1961-ж.
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
«Кыргыз тили» коомунун президенти

*ТИЛ - ЫНТЫМАК ӨЗӨГҮ!*

**КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:**

- Жергиликтүү өндүрүштү уюштуруу;
- Кичи-орто бизнести жана айыл чарба кооперативдерин өнүктүрүү жолу менен айылды көтөрүү;
- Райондун ичиндеги айыл аралык жолдорду сапаттуу курулушуна көзөмөл жүргүзүү;
- Жаш жеткинчек балдарды патриоттуулукка жана улуттук наркты, каада-салтты аздектөөгө үндөө;
- Саламаттыкты сактоо, билим берүү, коммуналдык чарба жана башка жаатардагы кызматтардын сапатын жогорулатуу;
- «Туризм – түтүнү жок» дегендей, туризмге өзгөчө көңүл буруу;
- Райондук жана айыл өкмөттүк деңгээлдеги өз алдынча башкаруу органдары менен чет өлкөлөрдөгү мекендештерибиздин байланышын күчөтүү;
- Албетте эл аралык ири чоң компаниялардан инвестиция тартуу керек. Бирок биздин ички инвесторлорубуз болгон чет өлкөлөрдөгү мекендештерибиздин мүмкүнчүлүктөрүн толук кандуу пайдалануубуз зарыл;
- Кыргыз тилин, улуттук маданиятыбызды бир эле Кыргызстандын ичинде эмес, чет өлкөлөрдөгү мекендештерибиздин арасында сактоо жана жайылтуу;
- Миграция жаатындагы мыйзамдарды көбөйтүү, күчөтүү жана аткарылышын көзөмөлдөө;
- Мекендештерибиздин айылда калып кеткен ата-энелерине, "тирүүлөй жетим" атыккан балдарына көңүл буруу;

Кыргызстанга жана анын мүмкүнчүлүктөрүнө биздин мекендештерибиз аркылуу чет элдиктердин көңүлүн бурдуруу;

- Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө чоң таасир тийгизгендер да – бул биздин чет өлкөлөрдөгү мекендештерибиз.

Жогоруда белгилей кеткен программаны жалпылап айтканда, тизмектеген иш-чаралардын көпчүлүгүн чет өлкөлөрдөгү мекендештерибиздин жардамы жана колдоосу менен ишке ашырууга болот. Ага менин көзүм жетет. Болгону бизге биримдик жана ынтымак керек!

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Кара-Суу району, Нариман айылы Кара-Суу көч. 4,
Тел.: 0554 55 11 79



## Мамазакиров Рустам Умарович №5

**Туулган жылы:** 14.12.1974-ж.
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
убактылуу иштебейт

*УУЛУ ӨЗГӨРҮҮ МЕЗГИЛИ!*

**КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:**

**Жарандарды жумуш менен камсыз кылуу:**
- Ар бир жарандын эмгек укуктарын ишке ашыруунун кепилдиктерин камсыз кылуу;
- Жумушчулардын эмгек келишимдерин эсепке алуу (каттоо) жана аткарылышын көзөмөлдөө системасын түзүү;
- Бардык категориялардагы жумушчулардын квалификациясына карабастан, минималдуу эмгек акыны жогорулатуу ;

**Айыл чарба тармагында:**
- Айыл чарба тармагындагы кооперацияны өнүктүрүү үчүн айыл чарба кооперативдери жөнүндө атайын мыйзамды иштеп чыгуу зарыл;
- Майда дыйкан чарбалары келишимдин негизинде кооперациялоо- чоң дыйкан чарбаларды түзүү;
- Айыл чарба министирлиги тарабынан долбоорлордун негизинде чон дыйкан чарбаларга %-сыз насыялар берүү;
- Мелиоративдик, агрохимиялык жана маданий-техникалых иш-чараларды өткөрүү долбоорлорун мамлекеттик тараптан каржылоо;
- Асыл тукум жана үрөн чарбаларды өнүктүрүү, алардын түшүм жыйноо наркын төмөндөтүү;
- Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө мыйзамдын негизинде айыл чарба тармагында Мамлекет жана жеке өнөктөштөрдүн ортосундагы кызматташтыкты жолго коюу.

**Билим берүү.**
- Жеке менчик мектепке чейинки билим берүү уюмдарын ачууну жөнөкөйлөтүү;
- Жеке менчик мектепке чейинки билим берүү мекемелериндеги балдарды тамак-аш менен мамлекеттик камсыздоо;
- Билим берүүчү, тарбиялык жана атайын компоненттерди камтыган орто жалпы билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.

**Медицина жана саламаттыкты сактоо:**
- Мамлекеттик дарылоо жана клиникалык мекемелерде санариптештирүү жана электрондук процедураларды колдонуу толугу менен ишке ашыруу;
- Жеке медициналык клиникаларды ОМС (милдеттүү медициналык камсыздандыруу) системасына кошуу жана медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын көзөмөлдөө.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Кара-Суу району, Нариман а.,
Тел:0888 30 30 30



## Кубанычбеков Илимбек Кубанычбекович №7

**Туулган жылы:** 09.09.1995-ж.
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
КР ЖК депутатынын жардамчысы (убактылуу токтотулду)

*ЭЛИМ ҮЧҮН!*

**КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:**

Жашоочулар үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлөт. Жөө жүргүнчү жүрүүчү жолдор, эс алуу парктары, скверлер салынат. Дени сак образы түзүлүп, экология корголот. Айыл-чарба – экономиканын локомотиви Фермер-дыйкандардын өндүргөн продукциясынын эскпорттоодо ЕАЭБ жана Европа базарына чыгуу мүмкүнүлүгү 100 пайыз колдонулушу керек. Алыскы чет өлкөлөргө ЕАЭБ жана ВСП+ макамынын алкагындагы эскпорттук потенциалды колдонуу боюнча иштерди күчөтүшүбүз керек. Ал эми айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүнү алдыга жылдыруу үчүн ички жана сырткы инвесторлорду тартуу башкы максат болушу керек. Заманбап медицина – улуттун ден соолугуна кам көрүү. Медицинага көңүл бурулуп, шарт түзүлгөндө оорулардын алдын алууга болот. Аймакка жаш дарыгерлерди тартуу, аларга жакшы шарттарды түзүп берүү маанилүү. Бюджеттик келишимде окуутунун квотасын көбөйтүү, жакыр жашаган үй-бүлөлөрдүн талантту балдарын жергиликтүү бюджеттен каржылап окутуу боюнча мыйзамдарды кабыл алууну демилгелөө керек. Дарыгерлерди айыл жеринде иштөөгө стимулдаштыруу (турак-жай жана жер тилкесин, пайызсыз насыяларды берүүнү, "жаш дарыгерлердин депозитин" ) программасын иштеп чыгабыз. Жаратылыш газы менен камсыздооАйылдагы үуйлөргө жаратылыш газын жеткирүү. Электр энергиясы тартыш болуп турган маалда жаратылыш газы альтернативалык булак болуп саналат. Газ түтүкчөлөрүн тартып, ар бир үйгө газ жеткирүү негизги маселе болуп турат. Сапаттуу ички жолдор аймакта айыл менен айылды бириктирген ички жолдор маанилүү. Аларды оңдоо, асфальтоо иштери өз убагында жасалып турушу керек. Буга чейинки депутаттык мөөнөтүмдө жолдор боюнча көп маселе көтөрүп, чечип жүрдүм. Бул багыттагы ишим дагы уланат. Жаштарды колдоо – келечекке кам көрүү. Аймакташы жаштарды колдоо аларга жумуш ордун түзүү, багыт берип, артараптуу көмөктөшүү менен болот. Бул үчүн чакан бизнестерди ачууга инвесторлорду, долбоорлорду тартуу керек. Бул жол менен миграциянын агымын да азайтууга болот. Андан тышкары спорттук залдарды, футбол талааларын салып, алардын дени сак болушуна салым кошуу маанилүү.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Кара-Суу району, Кара-Суу ш., Ленин көч,
Тел.: 0557 18 03 74



## Орунбаев Турдубек Дуйшонович №9

**Туулган жылы:** 21.01.1984-ж.
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
жеке ишкер

*АЗ СҮЙЛӨП КӨП ИШТЕП БИРГЕЛИКТЕ УЛУУ СЕКИРИК ЖАСАЙБЫЗ!*

**КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:**

Жараткан өзү колдоп жана элим ишеним көрсөтүп, жеңишке жетип, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайланып калсам, төмөндөгү максаттарымды ишке ашырууга даярмын:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана Кыргыз Республикасынын «Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу» жөнүндөгү мыйзамынын ыйгарым укуктарынын негизинде Өлкөбүздүн жаркын келечеги жана элибиздин бакубат жашоосун камсыз кылуу үчүн керектүү мыйзам долбоорлорун демилгелөөнү;
2. Өлкөбүздүн экономикасын өнүктүрүп, элибизди жумуш орду менен камсыз кылуу максатында тышкы жана ички инвесторлорду ошол эле убакытта ишкерлерди мамлекеттик деңгээлде колдоого алып, аларга ыңгайлуу шарттарды түзүүчү мыйзам долбоорлорун иштеп чыгууну;
3. №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округунда негизинен алганда дыйкан фермерлер жана базарда соода кылган соодергерлер басымдуулук кылышат. Айыл – чарбасын колдоо жана өнүктүрүү максатында, дыйкандарга, фермерлерге, суугат суу маселери жана соодагерлерге, товар өндүрүүчүлөргө жана айыл чарба продукцияларын кайра иштетип чыгуучуларга жеңилдетилген шартта насыя алуу жана өлкөбүздөн чыккан айыл чарба жана өндүрүш товарларын ортомчулары жок дүнүнөн сатууга мумкүнчүлүктөрдү түзүүнү;
4. Өлкөбүздүн энергетика тармагын реформалап, тармактагы ири коррупциялык аракеттерди түп тамыры менен токтотуу, коррупцияга ылайыкталып майдаланган энергетикалык ишканаларды бириктирип, жаңы талапка ылайык иш билги адистерди жумушка тартып, эффективдүү башкарууну киргизүүнү жана кичи энергетика өндүрүүчүлөрүн ар тараптуу колдоого алууну;
5. Медициналык, социалдык, билим берүү, маданият, спорт тармагындагы жергиликтүү мамлекеттик жана муниципиалдык мекеме ишканалардагы көйгөлүү маселелерди чечип жана эмгектенип жаткан жарандарыбыздын айлык маяналарын көтөрүү, аларды социалдык жактан камкордукка алуу, пенсияга чыкканда татыктуу пенсия алууга шарттарды түзүү жана алардын коомдогу аброюн жогорулатууну, ошол эле убакта алардын социалдык гарантияларын олутуу көтөрүүнү;

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Кара-Суу району, Кара-Суу ш.,
Тел.: 0550 04 90 91

**ЭСКЕРТҮҮ: №6, №8, №10, №11 талапкерлердин каттоосу өз арыздарынын негизинде жокко чыгарылган.**

# ТАТЫКТУУ ТАЛАПКЕР, ТАЗА ШАЙЛОО, ТАТЫКТУУ ЖАШОО!

**TALAPKER.SHAILOO.GOV.KG - сайтында талапкерлер, алардын программалары, шайлоо фонддору жөнүндө кенен маалымат**

КР БШК
https://shailoo.gov.kg/
0(312) 66 02 40 коомдук кабылдама, 1255 кыска номери